## Өчпөс ысым

# Исхак РАЗЗАКОВ

## Мезгил менен жарышкан, доор менен алышкан...

***Кыргыз элинин көрүнүктүү уулу, мамлекеттик жана партиялык ишмер, 5 жыл Өкмөт башчысы, 11 жыл Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы болуп эмгектенип, куру жалаалар менен кызматынан четтетилип, өмүрү өткөнчө Москва шаарынан сыртка чыгып жашоого тыюу салынып, эли -жерин сагынып жашап өткөн Исхак Раззаков жөнүндө лейлектик туугандар атайын фонд түзүп, ал киши жөнүндө анын жердеши Жалил Муркамалов бир топ эмгектерди чогулткан экен. Бүгүн биз улуу инсан жөнүндөгү ошол эскерүүлөрдүн айрымдарын автордун уруксаты менен "Эркинтоо" гезитинин окурмандарына сунуш этүүнү туура көрдүк.***

***Көп жылдар бою партиялык, комсомолдук кызматтарда иштеген, илимпоз-окумуштуу Абдыкул Давлеткелдиевдин эскерүүсү.***



Исхак Раззаков кызматынан бошоп, Москвага кеткенден кийин кудалашып калдык, тууган болуп сырдашып, жакын адам болуп жүрдүк. А кишинин адамгерчилиги жөнүндө бир аз болсо да, билишимче айткым келет. Ал турмуштук жактан абдан тажрыйбалуу мыкты киши эле. Анын жетилишине Өзбекстандагы аткарган кызматтары өзүнчө эле окуу мектеби болсо керек. Өзүнүн натурасы боюнча улууга да, кичүүгө да бирдей мамиле кылган эл-журттун келечегин ойлогон абдан боорукер киши эле. Анын асыл сапаттарын жакшылап айтып берүүгө күчүм деле жетпей калат. Кудам болгондон кийин көзү өтөр өткөнгө чейин чогуу болдук.

Кыргызстанда техникалык интеллигенция деген жок эле. И.Раззаков ушул маселени колго алып, жөнгө салды. "Москва, Ленинград ж.б. шаарларга уул-кыздарыбызды жөнөтүп, окутушубуз керек, инженер-окумуштуулар жетпейт"-деп жаштарды кесип үйрөнүп келүү үчүн көп шаарларга жиберди. Андан бүткөн балдар чоң кызматтарда болушуп, азыр көбү пенсияда.

Ал киши Токтогул ГЭСинин долбоорун түздүрүп, анын курулушун жетекчиликке алды. Андан кийин борборубуздагы Фрунзе, Ленин атындагы заводдорго көңүл бөлдү. Электрэнергиясы өнөржайларга жетүүчү эмес эле. Ошондуктан Фрунзе шаарында ТЭЦти курдурууга киришти. Борбор шаарыбызда Ильич шамы жаркырап, тоолорго чейин жогорку вольттуу линиялар курулду.

1951-жылы Кыргызстандын 25 жылдык майрамы болду. Москвадан көп коноктор келди. Алардын арасынан Попов (ВКП(б)нын БКсынын үгүт жана насыят бөлүмүнүн башчысы), Коваль (СССР композиторлор союзунун профессору) сыяктуу коноктор кыргыздын концертин угуп, спектаклин көрүп, ыраазы болушат. Композитор Коваль атайын И.Раззаковичке жолугуп:

-Кыргызстандын музыкалык маданият жөндөмү абдан күчтүү экен. Ушул боюнча өзүмдүн пикиримди айткым келет-дейт.

Ошондо И.Раззаков мени чакырып:

-Профессор Коваль бир топ жакшы сунуштарды айтам деп жатат. Биздин музыка таануучуларды, композитор, артисттерди жыйна-деди.

Жолугушууга 60-70тей киши жыйналды. А.Малдыбаев, А.Куттубаев, Сайра Кийизбаева, Жапар Сыдыков, Аскар Түлөевдер келишти. Бизде "Көкүл" деген операны койгон (Москвадан келген) Раухбергер, "Айчүрөк", "Манас" операсынын музыкасын жазышкан, Фере, Власовдор келишти. Москвалык профессордун оюн угушту, анан сүйлөшүп пикир алышты. "Кыргыздарда опералык чыгармалар аз, башка түрү жок, кандай кылабыз?-деп суроо коюшту. **Ушул аңгемелешүү боюнча И.Раззаков акырында жыйынтык сөз сүйлөдү. Раззаковдун жанында отурган Попов папиросун алып чыгып, ширеңке чакканы жаткан эле, ошо ширеңкени жакканга чамасы жеткен жок. А кишинин чечендигине таң калып, тиктеп эле туруп калды...**

Аңгемелешүү аяктап, профессор Коваль Раухбергер, Фере, Власовдор келип, менин кабинетимде отурган соң, менден:

-Бул Исхак Раззаков абдан кызыктуу киши экен, консерваторияны качан, кайжерден, кайсы жылы бүткөн?-деп сурап калышты.

-Бул киши эч кандай консерваторияны бүткөн эмес. Кесиби боюнча "финансист-плановик"-дедим. Алар абдан таң калышты.

-Өзгөчө адам экен, музыканы ушунчалык терең билген саясый кызматчыны биз биринчи жолу көрүп жатабыз. Москвада мындай сабаттуу кишини билбейбиз-деди Коваль.

Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун окумуштуулар Кеңешинин жыйынына катышып калдык. Бул медициналык тармак менен таанышып, анан И.Раззаков жыйынтык сөз сүйлөдү. Ошондо катышып отурган: Вальский, Круглов, Фунт деген профессорлор:

-Исхак Раззакович мединститутту каяктан бүтүргөн?-деп менден сурап калышты.

Мына И.Раззаков ушундай ар тараптан билимдүү, өнүккөн киши эле. Пленум болуп жатканда БКнын аппараты, Жогорку Советтин аппаратындагы иштегендер атайын жыйылып келип, И.Раззаковдун сөзүн өтө кунт коюп угушчу. Анткени, а киши сүйлөгөн залга эл батпай калчу. А кишиге тең келе турган киши эми жок.

*(Уландысы кийинки санда)*

**Даярдаган Мамат ӨСӨРОВ, «Эркинтоо».**